

2026–2030-жылдарга

«Жашыл Нарын» программасы

Мазмуну

Эмне үчүн Нарын шаарына Жашыл план керек? 4

Учурдагы абалга талдоо 6

5 жылдык максаттар 7

Коргоочу жашылдандыруу 10

Колдонулган адабияттар 13

Тиркеме 1. Нарын шаардык кеңешинин VI чакырылыштагы кезектеги XXVIII сессиясынын тескемеси 14

Тиркеме 2. «Жашыл Нарын» программасы (2026-2030) ишке ашыруу планы 15

Тиркеме 3. Фрагмент карты зелёных насаждений города Нарын 28

Тиркеме 4. Карта города Нарын 29

Тиркеме 5. Генеральный план города Нарын на период до 2040 года 30

Эмне үчүн Нарын шаарына Жашыл план керек?

Нарын шаары үчүн Жашыл планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу – айлана-чөйрөнү коргоо, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана шаардагы жашыл аймактарды көбөйтүү боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын маанилүү багыттарынын бири. Бул багыт Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-январындагы №17 «2022-жылды Тоо экосистемаларын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тиешелүү токтомдору жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдери, анын ичинде 2022-жылдын 1-мартындагы №95-т жана 2023-жылдын 3-мартындагы №89-т тескемелери менен бекемделген «Жашыл мурас» улуттук өнөктүгүнүн максаттары менен түздөн-түз байланыштуу.

Аталган мамлекеттик чечимдер айлана-чөйрөнү коргоону күчөтүүнү, токойлорду жана жаратылыш экосистемаларын сактоону, климаттын өзгөрүшүнүн терс таасирлерин азайтууну жана өлкө аймагындагы жашыл зоналарды кеңейтүүнү талап кылат.

Ушул улуттук артыкчылыктарды шаардык деңгээлде ишке ашыруунун натыйжалуу куралы катары Нарын шаарынын Жашыл планы зарыл. План жашылдандыруу иштерин өзүнчө өткөрүлүүчү көчөт отургузуу иш-чараларынан системалуу, пландуу жана узак мөөнөттүү башкарууга өткөрүүгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, кайсы жерге, кандай өсүмдүк түрү, эмне үчүн жана кандай шартта отургузулары, аны ким карай турганы жана натыйжасы кандай өлчөнөрү алдын ала аныкталат.

Нарындын тоолуу жана катаал климаттык шарттарын эске алуу менен Жашыл план жөн гана көчөттөрдүн санын көбөйтүүгө эмес, климаттык туруктуу жана жашоого ыңгайлуу шаардык чөйрөнү түзүүгө багытталууга тийиш. Мында жергиликтүү климатка ылайыкташкан өсүмдүктөрдү тандоо, сугаруу системасын жакшыртуу, жашыл аймактарды туура жайгаштыруу, жээктерди жана тоо капталдарын бекемдөө, чаңды жана шамалды азайтуу, ошондой эле коомдук мейкиндиктердин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу маанилүү орунду ээлейт.

Жашыл план ошондой эле жаратылышка негизделген чечимдерди шаардык өнүгүүгө интеграциялоого шарт түзөт. Даректарды жана бадалдарды отургузуу, жашыл коридорлорду түзүү, дарыя жана канал жээктерин жашылдандыруу, эрозияга каршы өсүмдүктөрдү пайдалануу сыяктуу чаралар шаарды көрктөндүрүү менен бирге сел, суу ташкыны, эрозия, катуу шамал жана чаң сыяктуу климаттык жана жаратылыш тобокелдиктерин азайтууга жардам берет.

Мындан тышкары, Жашыл план так максаттарды, артыкчылыктуу аймактарды, конкреттүү иш-чараларды, каржылоо булактарын жана мониторинг механизмдерин бирдиктүү системага келтирет. Натыйжада шаардагы жашылдандыруу иштеринин көлөмүн гана эмес, алардын сапатын жана натыйжалуулугун да баалоого болот: жашыл аймактардын аянты, көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээли, сугаруу менен камсыз болуу, жашыл зоналардын жеткиликтүүлүгү жана климаттык тобокелдиктердин азайышы сыяктуу көрсөткүчтөр туруктуу көзөмөлдөнөт.

Демек, Нарын шаарынын Жашыл планы – бул жөн гана көчөт отургузуу боюнча план эмес. Ал шаарды климаттык өзгөрүүлөргө туруктуу, жашоого ыңгайлуу жана экологиялык жактан коопсуз кылууга багытталган узак мөөнөттүү шаардык башкаруу инструменти. Ал «Жашыл мурас» улуттук өнөктүгүнүн максаттарын Нарын шаарынын конкреттүү шарттарына ылайык ишке ашырууга жана жашыл инфраструктураны шаардын туруктуу өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгүнө айландырууга негиз түзөт.

Тоолуу аймакта жайгашкан Нарын шаары үчүн бул өзгөчө мааниге ээ. Себеби шаардын климаттык жана жаратылыш тобокелдиктерине туруктуулугу – катуу шамалдын жана чаңдын таасирин азайтуу, топурактын эрозиясын алдын алуу, температуранын кескин өзгөрүшүнө ыңгайлашуу, нымдуулуктун жетишсиздигин эске алуу жана сел коркунучун азайтуу – түздөн-түз жашыл инфраструктуранын сапатына байланыштуу. Мында климаттык шарттарга ылайык өсүмдүктөрдүн түрлөрүн туура тандоо, аларды өз убагында сугаруу, кароо жана коргоо чечүүчү мааниге ээ.

Мындан тышкары, «Жашыл мурас» улуттук өнөктүгүнүн каржылык жана уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрү да Нарын шаары үчүн маанилүү. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, демөөрчүлүк жана гранттык каражаттарды топтоо максатында Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин атайын эсеби ачылган.

Ушундай шартта Нарын шаарында бекитилген Жашыл пландын болушу тышкы жана өнөктөштүк каржылоону тартуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Анткени так иштелип чыккан план шаарда каражаттарды кайсы багытка жана кандай натыйжага жетишүү үчүн жумшоо керектигин алдын ала аныктап, донорлор жана өнөктөштөр үчүн шаардын даярдыгын көрсөтөт. Тактап айтканда, Жашыл план төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- улуттук артыкчылыктар менен шайкештик – Нарын шаарында пландаштырылган иш-чаралар «Жашыл мурас» өнөктүгүнүн максаттарына жана артыкчылыктуу багыттарына шайкеш келет;
- каржылык ачык-айкындуулук – каражаттын кайсы иш-чарага, кайсы аймакка жана кандай максатта жумшалары так көрсөтүлөт;
- долбоорлордун даяр портфели – көчөлөрдү, парктарды жана скверлерди жашылдандыруу, ирригацияны жакшыртуу, коргоочу жашыл тилкелерди түзүү, жээктерди бекемдөө, питомниктерди өнүктүрүү сыяктуу конкреттүү долбоорлор аныкталат;
- натыйжаларды өлчөө мүмкүнчүлүгү – отургузулган көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээли, жашыл аймактардын аянты, сугаруу менен камсыз болуу деңгээли, климаттык тобокелдиктердин азайышы жана шаардык микроклиматтын жакшырышы сыяктуу көрсөткүчтөр аркылуу натыйжага баа берилет.

Ошентип, **Нарын шаарынын Жашыл планы – бул экологиялык гана документ эмес. Ал мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарын шаардык деңгээлде ишке ашыруунун, инвестицияларды жана өнөктөштүк ресурстарды тартуунун, ошондой эле жашыл инфраструктураны системалуу башкаруунун негизги инструменти болуп саналат.**

Мындай план Нарын шаарын **«Жашыл мурас» улуттук өнөктүгүнүн максаттарына натыйжалуу катышууга**, тоо экосистемаларын коргоого, климаттык өзгөрүүлөрдүн кесепеттерине туруктуулукту жогорулатууга жана тургундар үчүн коопсуз, жашыл жана жашоого ыңгайлуу шаардык чөйрө түзүүгө өбөлгө түзөт.

Учурдагы абалга талдоо

БУУ-Хабитаттын 2024-жылдагы изилдөөсүнө ылайык, Нарын шаарындагы жашылдандыруунун учурдагы абалы жашыл зоналардын бир калыпта бөлүштүрүлбөгөнү жана табигый ландшафтты шаардык чөйрөгө интеграциялоо зарылдыгы менен мүнөздөлөт. Бул табигый кырсыктарга туруктуулукту жогорулатуу үчүн маанилүү.

Курулуштар жайгашкан аймактардагы коомдук мейкиндиктердин үлүшү 13,3% түзөт, бул эл аралык стандарттарга жакын. Бирок алардын жеткиликтүүлүгү жана функционалдуулугу төмөн бойдон калууда. Натыйжада, шаар тургундарына эсептегенде 5 чарчы метрден аз көрктөндүрүлгөн жашыл аймак туура келет.

Шаардын жашыл аймактары бирдей бөлүштүрүлгөн эмес: коомдук мейкиндиктердин жалпы аянтынын 62,5% Баласагын (35,9%), Алма-Бак (14,7%) жана РТС (11,9%) райондорунда топтолгон. Ал эми эң жыш курулган борбордук райондор – МДС, Городок, Кычан, ГОВД жана Борбор – жашыл аймактардын жетишсиздигинен жабыркап келет.

Болжол менен 4 515 тургун эң жакын коомдук мейкиндикке жетүү үчүн 10 мүнөттөн ашык убакыт жөө басууга мажбур. Мындан тышкары, парктар көп учурда тосмолор менен курчалгандыктан, жарандардын эркин жүрүүсүнө тоскоолдук жаратып, бул мейкиндиктерди пайдалануунун натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Нарындын катаал климатында жашыл көчөттөрдүн сакталышы түздөн-түз сугатка көз каранды. Учурда жашыл аймактардын 20%дан азы гана Чоң Нарын каналы аркылуу сугарылат. Калган сугат арыктарынын көбү бүтөлүп калган, ылай баскан же тейленбейт.

Тоолордун түштүк капталдарында калктын отун катары жыгачты пайдаланганы жана малдын ашыкча жайылышы себептүү токойлор менен топурак катмары акырындап деградацияга учурап жатат. Бул топурактын нымды кармоо жөндөмүнүн төмөндөшүнө жана табигый тоскоолдуктардын бузулушуна алып келет. Натыйжада селдердин саны жана кыйратуучу күчү көбөйүп, топурактын тез эрозиясы күчөп жатат. Бул шаардын туруктуу өнүгүүсү үчүн олуттуу коркунуч болуп саналат. №9 мектеп жана Госплемстанциядагы бала бакча сыяктуу социалдык объектилер түздөн-түз коркунуч зонасында жайгашкан.

Шаар Нарын дарыясынын жээктери жана Ботаникалык бак сыяктуу олуттуу жаратылыш ресурстарына ээ. Бирок азыркы учурда алар толук кандуу коомдук мейкиндик катары пайдаланылбайт: Ботаникалык бак коомчулук үчүн жабык, ал эми дарыя көбүнчө эс алуу аймагы эмес, коркунуч булагы катары кабыл алынат.

Калктын болжол менен 70% тобокелдик аймактарында (сел, суу ташкыны, жээктердин эрозиясы) жашайт.

Шаардагы магистралдардын жана жолдордун боюн системалуу жашылдандыруу бирдей эмес жана көпчүлүк учурларда дээрлик жокко эсе.

Айыл чарба министрлигинин Тажрыйба станциясынын жана Ботаникалык бактын потенциалы толук пайдаланылбай жатат. Жергиликтүү токой чарбалары шаарды бийик тоолуу шартка ылайыкташкан керектүү ассортименттеги көчөттөр менен камсыздай алат. Бирок шаар тарабынан узак мөөнөттүү буйрутма түзүлүшү зарыл, анткени катаал климатта өсүмдүктөрдү өстүрүү көп убакытты талап кылат.

5 жылдык максаттар

Шаардын туруктуу өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү стратегиясын ишке ашыруу жана климаттык жана жаратылыш тобокелдиктерине туруктуулукту жогорулатуу үчүн Нарын шаары инфраструктураны бирдиктүү система катары өнүктүрүшү зарыл. Бул система «көк инфраструктураны» (дарыя, каналдар жана арык тармагы), «жашыл инфраструктураны» (парктар, скверлер, көчө бойлорундагы көчөттөр жана коргоочу жашыл коридорлор) жана «боз инфраструктураны» (жолдор, инженердик тармактар, имараттар жана коомдук мейкиндиктер) өз ара байланыштырып турушу керек.

Мындай ыкма шаардык микроклиматты жана эстетикалык көрүнүштү жакшыртууга, тургундардын жашоо ыңгайлуулугун жогорулатууга, ошондой эле жаратылыш коркунучтарына (чаң, катуу шамал, экстремалдуу температура, эрозия, суу ташкыны жана сел коркунучу) болгон аялуулукту азайтууга мүмкүндүк берет.

Кийинки беш жыл ичинде шаар төмөнкүдөй реалдуу жана өлчөнүүчү максаттарды алдына коёт:

1. Жашыл коомдук мейкиндиктер менен камсыз болууну жогорулатуу жана аймактык теңсиздикти азайтуу

Шаар көрктөндүрүлгөн жана жеткиликтүү жашыл коомдук мейкиндиктердин көлөмүн учурдагы төмөн деңгээлден шаар боюнча орточо эсеп менен бир адамга 8–10 м² чейин көбөйтө алат. Ошол эле учурда райондор арасындагы теңсиздикти кыскартуу зарыл.

Артыкчылык жашыл аймактар жетишсиз болгон аймактарга – борбордук кварталдарга жана тыгыз курулган зоналарга – берилүүгө тийиш. Бул үчүн чакан скверлерди, «жашыл чөнтөктөрдү» түзүү, көчөлөрдү жашылдандыруу жана парктар менен жээк аймактарына коопсуз жөө байланыштарды өнүктүрүү зарыл.

Мейкиндиктин аянты менен катар жеткиликтүүлүк көрсөткүчү да көзөмөлдөнүшү керек. Шаар эң жакын жашыл коомдук мейкиндикке жетүү үчүн 10 мүнөттөн ашык жөө басууга аргасыз болгон тургундардын үлүшүн азайтууга умтулат.

2. Жашылдандырууну жана бак-даректарды башкарууну толук санариптештирүү?

Пландоо, кароо жана натыйжаларды көзөмөлдөө натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жашыл өсүмдүктөрдүн жана жашыл инфраструктуранын бирдиктүү шаардык санариптик реестрин түзүү маанилүү.

Беш жыл ичинде төмөнкү негизги элементтерди 100% санариптик эсепке алуу камсыздалышы мүмкүн:

- *коомдук мейкиндиктердеги бак-даректар жана бадалдар;*
- *көчөлөр жана жолдор боюндагы жашылдандыруу;*
- *парктар жана скверлер;*
- *сугаруу жана суу агызуу системасына байланышкан объекттер (арык тармактарынын тилкелери, кошулуу чекиттери жана тейлөө зоналары).*

Бул реестр көчөт отургузууну жана кароону жыл сайын пландаштыруунун, куураган көчөттөрдү каттоонун, артыкчылыктуу аймактарды аныктоонун жана аткарылган иштер боюнча ачык отчеттуулуктун негизи болуп калат.

3. Жергиликтүү жана климатка ылайыкташкан флоранын негизинде көчөт материалдарынын шаардык базасын түзүү

Көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээлин жогорулатуу жана сырттан жеткирүүлөргө көз карандылыкты азайтуу үчүн жергиликтүү жана климаттык шартка туруктуу дарак-бадал түрлөрү өстүрүлгөн шаардык питомниктерди түзүү жана ишке киргизүү зарыл.

Питомниктер көчөлөрдү, короолорду, парктарды жана коргоочу жашыл тилкелерди жашылдандыруу үчүн көчөт материалдарын системалуу түрдө өндүрүүнү камсыздайт.

Натыйжада, беш жылдын аягына чейин питомник муниципалдык көчөт отургузуу муктаждыгынын негизги бөлүгүн камсыз кылууга тийиш. Ал эми туура кароо жана түрлөрдү туура тандоо көчөттөрдүн туруктуу жашап кетүү деңгээлин камсыздайт.

4. «Жашыл инфраструктураны» шаардык жашылдандыруунун негизги таянычы катары бекемдөө

Нарын шаарында жашылдандыруунун климаттык туруктуулугу түздөн-түз сууга жана кароо системасына байланыштуу экенин түшүнүү менен, шаар туруктуу сугаруу менен камсыздалган жашыл аймактардын үлүшүн 50–60% чейин көбөйтүү максатын коюшу керек.

Бул үчүн артыкчылыктуу аймактарды аныктап, арык тармагынын негизги тилкелерин калыбына келтирүү, кошулуу чекиттерин камсыз кылуу жана тейлөө регламенттерин иштеп чыгуу маанилүү.

Бул максат жашыл аймактарды кеңейтүү жана көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээлин жогорулатуу боюнча негизги максаттарга жетүүнүн милдеттүү шарты катары каралат.

Иш-аракеттер планы

Иш-аракеттер планы жашылдандыруу боюнча өз-өзүнчө жүргүзүлгөн иш-чаралардан ирригациялык тармак жана шаардык «боз инфраструктура» менен интеграцияланган жашыл инфраструктураны системалуу башкарууга өтүүгө багытталган. Иш-чаралар биринчи жумушчу жолугушуунун жыйынтыгында талкууланып, макулдашылган негизги багыттар боюнча топтоштурулган.

Жашыл фондду башкаруу

Планды ишке ашыруунун биринчи этабында жашыл объектилерди ГИС технологияларын колдонуу менен инвентаризациялоону аяктоо зарыл. Бул мындан аркы кароо, алмаштыруу жана жаңы көчөттөрдү отургузууну пландаштыруунун негизи болуп калат.

Инвентаризациянын жыйынтыктары жашыл аймактарды күтүү жана санитардык кароо боюнча жылдык пландарды түзүүгө негиз болот. Анын ичинде авариялык абалдагы жана эски бак-даректардын артыкчылыктуу тизмеси аныкталат.

Анын негизинде кыйроодогу даректарды Нарындын климаттык шарттарына туруктуу түрлөргө пландуу алмаштыруу уюштурулат жана сөзсүз түрдө кароо менен сугаруу камсыздалат.

Мындан тышкары негизги көчөлөр, парктар жана скверлер үчүн дендропландарды иштеп чыгуу каралат (көчөттөрдүн көлөмү, сметалар жана долбоордук документтер алдын ала эсептелет). Бул жашылдандыруунун сапатын жогорулатууга, өсүмдүктөрдүн бирдиктүү ассортиментин калыптандырууга жана узак мөөнөттүү тейлөө чыгымдарын азайтууга мүмкүндүк берет.

Климаттык иш-чаралар

Нарын шаарынын климаттык тазалыгын сактоо боюнча иш-чаралар каралат. Нарын бийик тоолуу аймакта жайгашкандыктан абасы салыштырмалуу таза деп эсептелет. Бирок кыш мезгилинде көмүр жагуу, автоунаалардын түтүнү жана таштандылар экологияга терс таасирин тийгизет.

Ушуга байланыштуу Нарын шаарынын мэриясы эл аралык долбоорлор менен биргеликте 2022-2025-жылдары Нарын шаарынын Климаттык планын иштеп чыккан.

Бул климаттык план Нарын шаардык кеңешинин VI чакырылыштагы VIII сессиясынын №10 токтому менен расмий бекитилген.

ГИС системасы

Нарын шаарында Географиялык маалыматтык система (ГИС) ийгиликтүү киргизилип, шаарды башкаруунун заманбап санариптик куралы катары колдонулууда.

Бул система электрондук карта аркылуу шаардык инфраструктураны, бак-даракта-рды, муниципалдык жер тилкелерин, жолдорду, коммуналдык тармактарды жана башка объекттерди так көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

Учурда муниципалдык мүлктү башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү үчүн Aimak.gov.kg бирдиктүү платформасы киргизиле баштады. Бул платформа аркылуу Нарын шаарындагы ижарага берилген муниципалдык жер тилкелери электрондук негизде башкарылат.

Мындан тышкары, платформада шаардагы ичүүчү суу системасы, жашыл насаждениялар жана башка шаардык инфраструктура объекттери тууралуу маалыматтар камтылган.

Ирригация

Ирригация жашыл көчөттөрдүн жашоого жөндөмдүүлүгүнүн эң маанилүү шарты катары каралат. Планда беш аймак боюнча комплекстүү ирригациялык планды иштеп чыгуу жана этап-этабы менен ишке ашыруу каралышы керек. Анын ичинде схемаларды тактоо, сууга болгон муктаждыкты аныктоо жана суу тартыш аймактарды белгилөө кирет.

Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана терс кесепеттердин алдын алуу үчүн суу таштоочу курулмаларды куруу жана/же калыбына келтирүү (анын ичинде Чоң Нарын каналынын жанында), ошондой эле суу жетишсиз аймактарда суу топтоочу резервуарларды түзүү зарыл.

Кошумча түрдө сугат суусунун сапатын лабораториялык көзөмөлдөө жана кызматтардын техникалык даярдыгын күчөтүү (атайын техникалар жана туруктуу тейлөө боюнча уюштуруучулук чечимдер) каралышы керек.

Коргоочу жашылдандыруу

Коргоочу жашылдандыруу шаарды көрктөндүрүүчү гана чара болбостон, **коомдук коопсуздукту камсыз кылуунун жана шаардык чөйрөнү климаттык жана экологиялык таасирлерден коргоонун маанилүү элементи** катары каралууга тийиш.

Биринчи кезекте жолдордун жана көчөлөрдүн боюнда коргоочу жашыл тилкелерди түзүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу зарыл. Айрыкча транспорт кыймылы күчтүү болгон жерлерде жол менен жөө адамдар жүрүүчү аймактардын ортосунда **чаңды, шамалдын таасирин жана ызы-чууну азайтуучу жашыл тосмолорду** түзүүгө артыкчылык берүү керек.

Өзүнчө маанилүү багыт катары **Чоң Нарын каналынын жана башка суу объектилеринин жээктерин жашылдандыруу** каралышы зарыл. Мындай жашыл тилкелер суу объектилеринин жээктерин коргоого, топурактын эрозиясын азайтууга, жээктерди бекемдөөгө жана суу коргоо аймактарынын абалын жакшыртууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле бул аймактарда мыйзамсыз курулуштарга жана башка уруксатсыз иштерге жол бербөө боюнча чаралар көрүлүүгө тийиш. Мында тейлөөчү жана авариялык кызматтардын суу объектилерине эркин жетүүсү сөзсүз камсыздалышы керек.

Мындан тышкары, Жашыл планга шаар тургундары жана коноктору көп барган панорамалык аянтчаларды жана туристтик жайларды жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча чараларды киргизүү сунушталат. Бул аймактарда даректарды жана бадалдарды отургузуу, көлөкөлүү эс алуу жайларын түзүү, жөө жүрүүчү жолдорду иретке келтирүү жана көрктөндүрүү элементтерин жайгаштыруу каралышы мүмкүн. Натыйжада шаар тургундары үчүн ыңгайлуу жана коопсуз эс алуу жайлары түзүлүп, Нарындын туристтик жагымдуулугу да жогорулайт.

Питомниктер

Туруктуу жашылдандырууну камсыз кылуу үчүн шаар Нарын облусунун бийик тоолуу жана суук шарттарына ылайыкташкан көчөт материалдары менен кепилденген камсыздоо моделине өтө алат.

Планда көчөттөрдү өстүрүү боюнча узак мөөнөттүү мамлекеттик буйрутманы түзүү жана ассортиментти кеңейтүү каралышы керек. Ошондой эле шаардык мейкиндиктердин ар кандай түрлөрү үчүн өсүмдүктөрдүн каталогдорун иштеп чыгып бекитүү маанилүү:

- *көчөлөрдү жашылдандыруу;*
- *парктар жана скверлер;*
- *коргоочу тилкелер;*
- *жээк аймактары.*

Мында жергиликтүү флорага жана туруктуу түрлөргө артыкчылык берилет.

Негизги уюштуруучулук механизм катары үч тараптуу келишимдер (мэрия – «Зеленхоз» муниципалдык ишканасы – токой чарбалары/питомниктер) колдонулушу мүмкүн. Алар кеминде 3 жылдык мөөнөткө түзүлүп, керектүү түрлөрдү жана көлөмдөрдү алдын ала өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Бул жеткирүүлөрдүн туруктуулугун камсыздап, жергиликтүү токой чарбаларынын жана питомниктердин потенциалын жогорулатат.

Жээктерди бекемдөө

Жээктерди жана тоо капталдарын бекемдөө артыкчылыктуу коркунуч аймактарын аныктоонун негизинде пландаштырылышы керек. Анын ичинде Чоң Нарын каналынын жана Нарын дарыясынын аймактары кирет.

Бул багытта изилдөө жана аналитикалык база түзүлүшү зарыл:

- *тобокелдик карталары;*
- *типтүү чечимдер;*
- *биринчи кезектеги чаралардын тизмеси.*

Негизги ыкма катары жаратылышка негизделген чечимдер колдонулууга тийиш:

- *эрозияны азайтуу жана жээктерди бекемдөө үчүн бадалдарды жана жашыл насаждениялардыпайдалануу;*
- *жашыл буфердик зоналарды калыбына келтирүү;*
- *жээк аймактарында ирригациялык чечимдерди интеграциялоо.*

Бул багыттын маанилүү бөлүгү – калкты тартуу. Тургундар жашыл аймактарды кароого, жөнөкөй бекемдөө иштерине жана коомдук көзөмөлгө катышуусу керек. Бул үчүн так эрежелер, жоопкерчилик жана тиешелүү кызматтар тарабынан колдоо камсыздалышы зарыл.

Өсүмдүктөрдү коргоо жана антропогендик басымды азайтуу

Нарын шаарынын 2026-2030-жылдарга карата жашылдандыруу планынын алкагында өсүмдүктөрдү коргоо жашыл инфраструктуранын туруктуулугун камсыз кылуучу негизги шарт катары каралат.

Көчөттөрдүн жашап кетүүсүнө жана өнүгүшүнө тоскоол болгон негизги факторлор – бак-даректардын кыйылышы жана мал чарбачылыгынын таасири. Бул коргоо чараларын системалуу жөнгө салууну жана жашылдандыруу процессине интеграциялоону талап кылат.

Бак-даректарды кыюуну башкаруу бөлүгүндө бардык кыйылган даректарды милдеттүү түрдө каттоо жана компенсациялык көчөттөрдү отургузуу менен уруксат берүү механизми киргизилет. Ар бир кыйылган даректын ордуна жергиликтүү флорадан кеминде 3–5 көчөт отургузуу каралат.

Көзөмөлдү күчөтүү үчүн жашыл насаждениялар эсепке алган геомаалыматтык система түзүлөт. Ал аркылуу алардын абалын көзөмөлдөө, өзгөрүүлөрдү каттоо жана калыбына келтирүү иштерин пландаштыруу мүмкүн болот.

Мал чарбачылыгынын терс таасирин азайтуу үчүн аймактык зоналаштыруу системасы киргизилет. Ага ылайык, парктарда, сквердерде, жээк аймактарында жана жаңы көчөттөр отургузулган зоналарда мал жаюуга тыюу салынат.

Ошол эле учурда сезимтал аймактардан тышкары альтернативдүү жайыттарды уюштуруу жана жашыл зоналарды тосмолор менен камсыз кылуу, шаар сыртына сугат жана суу ичүүчү жайларды түзүү сыяктуу инфраструктуралык чечимдер каралат.

Маанилүү багыттардын бири – жергиликтүү калк менен иш алып баруу. Бул белгиленген эрежелерди сактоону камсыз кылууга жана шаардык жашыл инфраструктурага болгон жүктөмдү азайтууга багытталат.

2026-2030-жылдары бул чараларды ишке ашыруу жашыл насаждениялarга болгон антропогендик басымды олуттуу азайтууга, көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээлин жогорулатууга жана Нарын шаарынын жаратылыш-климаттык шарттарына ылайыкташкан туруктуу жашылдандыруу системасын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Инвестициялык портфель

Планды ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн инвестициялык портфель түзүү зарыл. Ал бардык негизги багыттар боюнча артыкчылыктуу долбоорлордун тизмесин камтууга тийиш (көчөлөрдү жашылдандыруу, парктар жана скверлер, ирригация, коргоочу көчөттөр, жээктерди бекемдөө, питомниктер жана башкалар).

Ар бир долбоор боюнча болжолдуу наркты, мүмкүн болгон каржылоо булактарын (муниципалдык бюджет, республикалык программалар, донордук жана гранттык каражаттар, бизнес менен өнөктөштүк жана башка булактар), ошондой эле ишке ашыруу этаптарын (ыкчам чаралар, орто мөөнөттүү долбоорлор жана капиталдык чечимдер) аныктоо зарыл.

Мындай портфель тышкы каржылоону тартуунун, ошондой эле шаар, облус жана өнөктөштөр ортосунда артыкчылыктарды макулдаштыруунун негизги куралы болуп кызмат кыла алат.

Башкаруу жана мониторинг системасы

Планды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жыл сайын пландоо циклине негизделген натыйжалуу мониторинг системасын иштеп чыгуу маанилүү.

Негизги багыттар боюнча натыйжа көрсөткүчтөрүн (индикаторлорду) бекитүү зарыл:

- *жашылдандыруу;*
- *сугаруу;*
- *көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээли;*
- *инвентаризация менен камтуу деңгээли;*
- *питомниктердин өндүрүш көлөмү;*
- *долбоорлордун ишке ашырылышы жана башка көрсөткүчтөр.*

Мындан тышкары, ар бир багыт боюнча жооптуу тараптарды дайындоо талап кылынат.

Планда ГИС маалыматтарына жана тиешелүү кызматтардын отчетторуна негизделген жыл сайын жаңыртуу жана оңдоо механизми каралышы керек. Ошондой эле пландын аткарылышы боюнча прогресс тууралуу коомчулук үчүн ачык отчет даярдоо зарыл. Бул ачык-айкындуулукту, калктын жана өнөктөштөрдүн ишенимин жана колдоосун күчөтүүгө жардам берет.

Колдонулган адабияттар

Бириккен Улуттар Уюмунун Калк жайгашуу программасы (БУУ-Хабитат). (2024). *Интеграцияланган мейкиндиктик жана инвестициялык пландоо аркылуу туруктуулукту жогорулатуу: Нарын шаарынын туруктуулук программасынын компендиуму, 1-бөлүк* (англис тилинде). БУУ-Хабитат.

Тиркеме 1. Нарын шаардык кеңешинин VI чакырылыштагы кезектеги XXVIII сессиясынын тескемеси

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

НАРЫН ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН VI ЧАКЫРЫЛЫШТАГЫ КЕЗЕКТЕГИ XXVIII СЕССИЯСЫНЫН ТЕСКЕМЕСИ

2026-жылдын 20 -июлу № 19-т

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин, Нарын шаардык Кеңешинин Регламентин жетекчиликке алып, Нарын шаардык Кеңешинин кезектеги сессиясы **чечим кылат:**

1. Нарын шаарынын социалдык-экономикалык жана экологиялык туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу, мамлекеттик жана эл аралык инвестицияларды тартуу максатында 2026-2030-жылдарга карата **«ЖАШЫЛ НАРЫН»** программасы бекитилсин.
2. **«ЖАШЫЛ НАРЫН»** программасынын алкагында төмөнкү артыкчылыктуу багыттар ишке ашырылсын:
- Шаарды жашылдандыруу жана жаңы жашыл аймактарды түзүү;
- Шаардык парктарды жана коомдук мейкиндиктерди өнүктүрүү;
- Ирригациялык жана дренаждык системаларды жакшыртуу;
- Сел, суу ташкыны жана башка жаратылыш коркунучтарына каршы инфраструктураны чыңдоо;
- Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу;
- Энергиянын натыйжалуулугун жана экологиялык таза технологияларды киргизүү;
- Шаардык инфраструктураны туруктуу өнүктүрүү жана жашоо сапатын жакшыртуу;

3.Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ

Төрага **Ж.Эсеналиев**

«БЕКИТЕМ»
Нарын шаардык Кенешинин төрагасы
Ж. Эсеналиев
_____М.П.

Тиркем+ е 2.

«Жашыл Нарын» программасы (2026–2030) ишке ашыруу планы

Максаты: Жашыл инфраструктураны, суу системаларын жана жаратылыш коркунучтарын башкарууну интеграциялоо аркылуу Нарын шаарынын климаттык, экологиялык жана инфраструктуралык туруктуулугун жогорулатуу.

	Иш-чаранын сүрөттөлүшү	Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
1.	**ЖАШЫЛ ФОНДДУ БАШКАРУУ** **Учурдагы кырдаал:** Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан «Кыргыз Республикасынын шаарларын жана калктуу конуштарын жашылдандыруу боюнча улуттук программанын» долбоору даярдалууда (мөөнөтү – 2026-жылдын 1-июлуна чейин). Бул «Жашыл Нарын» беш жылдык планын республикалык бюджеттен инвестицияларды тартуу максатында мамлекеттик программага киргизүү үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүк болуп саналат.						
1.1	Шаардын бак-даректарына ГИС-инвентаризация жүргүзүү (негизги маалымат жана абалы), адегенде муниципалдык мекемелерден, негизги көчөлөрдөн, парктардан жана сквердерден баштап, андан кийинки этаптарда шаардын бардык аймагын камтуу.	Мэрия, «Жашылдандыруу» МИ, шаардын бардык кызматтары.	2026-2028	ГИСке киргизилген жашыл аймактардын аянты, га; Толук атрибуттары камтылган объекттердин үлүшү: даректын түрү, диаметри, отургузулган жылы, абалы, сугаруу булагы, сүрөтү, координаттары.		Инвентаризациядан өткөрүлгөн бак-даректардын саны, даана.	Аймактардан маалыматтарды чогултуу, бак-даректарды жана жашыл аймактарды геобайланыштыр, маалыматтарды ГИС-базага киргизүү.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
1.2	Аймактарды авариялык бак-даректардан тазалоо жана жаңы бак-даректарды отургузуу аркылуу санитардык тазалоо иштерин жүргүзүү.	«Жашылданды-руу» МИ	2026	Начар абалдагы бак-даректардын координаттары	Жергиликтүү бюджет	Начар абалдагы бак-даректардын үлүшүн азайтуу (%)	Бак-даректардын абалын байкоо жана баалоо иштерин жүргүзүү, алмаштырылган бак-даректарды ГМСке киргизүү.
1.3	Негизги көчөлөр, парктар жана скверлер үчүн дендропландарды иштеп чыгуу.		2026	Жашылдандыруу-нун артыкчылыктуу участоктору жана дендропландар (негизги көчөлөр, парктар жана скверлер, тандал-ган локациялар).		Көчөттөрдү отургузуу көлөмдөрүнүн алдын ала эсептөөлөрү, сметалар жана долбоордук документтер.	ГИС-маалыматтарды талдоо, дендропландарды иштеп чыгуу, картографиялык материалдарды жана долбоордук документтерди даярдоо.
1.4	Жергиликтүү жана декоративдүү өсүмдүктөрдүн ассортиментин киргизүү, газондорду табигый чөп менен алмаштыруу.	«Жашылданды-руу» МИ	2026-2028	Жаңы өсүмдүк-төрдүн ассорти-менти киргизилген жана газондор алмаштырылган жашылдандыруу участоктору; По-тенциалдуу лока-циялар.	Жергиликтүү бюджет	Табигый чөп катмары (ар түрдүү чөптөр) бар аймактын аянты.	Аймактардын изилдөөлөрүн жүргүзүү, жаңы өсүмдүктөр ассортименти бар участокторду геобайланышты-руу, маалыматтар-ды ГИСке киргизүү.
1.5	Шаардагы жашыл аймактардын санын көбөйтүү.	Мэрия, «Жашыл-дандыруу» МИ	2026-2029	Жашыл аймактар жетишсиз болгон аймактардын үлүшү (%).	Жергиликтүү бюджет	Жашылдандыруу долбоорлорунун ишке ашырылган үлүшү (%).	

	Иш-чаранын сүрөттөлүшү	Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
1.6	Жашыл мейкиндиктерди инвентаризациялоо маалыматтарынын негизинде шаардын жашыл мейкиндигин башкаруу системасын иштеп чыгуу (жумуш убактысын эсептөө таблицаларын автоматтык түрдө түзүүчү программаны иштеп чыгуу)	Зеленхоз, мэрия	2027		Долбоор	Жашыл мейкиндиктерди көзөмөлдөө үчүн программалык камсыздоо ишке ашырылды.	
2.	**СУГАТ ЖАНА ИРРИГАЦИЯ СИСТЕМАСЫ** **Учурдагы кырдаал:** Шаардык сугат системасынын бирдиктүү планы жок (топографиялык сүрөткө тартуу жүргүзүлгөн эмес); Чоң Нарын каналы менен Нарын дарыясынын ортосундагы жер бедеринин рельефи жана эңкейиши тууралуу маалымат жок; сугат суусунун сапатын лабораториялык анализдөө ишке ашырылган эмес; сууну чыгаруу (сброс) үчүн курулмалар жок; суу топтоочу резервуарлар жок; сугат суусун натыйжалуу пайдалануу камсыздалган эмес (тиешелүү лотоктордун жоктугу), жашыл аймактарды сугаруу стандарттары жана сугат суунун талап кылынган көлөмү аныкталган эмес						
2.1	Сугат тармагын өнүктүрүү үчүн санариптик карта түзүү.	Архитектура, «Жашылдандыруу» МИ	2026	Шаардын учурдагы жана пландалуучу сугат системасы (каналдар, лотоктор, суу менен камсыздоо булактары жана сугаруу схемасы); Сугат менен камтылбаган көйгөйлүү участоктор; Сугат суусу менен камсыз болгон аймактар жана сугарууну уюштырууга муктаж аймактар; Сугат үчүн суу керектөөсүнүн көлөмү.		Санариптештирилген каналдар жана лотоктордун узундугу, км; Базага киргизилген суу алуу (водозабор) пункттарынын саны; Үзгүлтүксүз сугарууга жеткиликтүү жашыл аймактардын аянты, га; Сугарууга жеткиликтүүлүгү жок жашыл аймактардын аянты.	ГИС маалыматтарын үзгүлтүксүз жаңыртуу. Сугат каналдардын абалын баалоо жана өткөрүү жөндөмдүүлүгү.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
2.2	Сугат системасын реконструкциялоо боюнча план иштеп чыгуу жана ичүүчү сууну сугатка керектөөнү азайтуу планын иштеп чыгуу, анын ордуна ЧНКдан алынган техникалык сууну колдонуу.	Архитектура, «Жашылданды-руу» МИ	2027	Сугат системасын-дагы көйгөйлүү участоктор жана реконструкция-лоону талап кылган кургак аймактар.	Жергиликтүү бюджет	Муниципалитет тарабынан бекитилген жана бюджет бекитилген план Участоктордун саны; тармактардын узундугу (км).	Мониторинг мейкиндиктик (пространстволук) маалыматтарды талдоо, суу жетишсиз болгон аймактарды аныктоо, реконструкция схемаларын иштеп чыгуу жана картографиялык материалдарды даярдоо аркылуу жүргүзүлөт.
2.3	Чоң Нарын каналынын жанында суу чыгаруу (сброс) курулмаларын куруу.	Суу чарба башкармалыгы, Архитектура	2028-2029	Суу чыгаруу (сброс) курулмаларынын катмары жана алардын Чоң Нарын каналынын участокторуна геобайланышы.		Курулган/ калыбына келтирилген суу чыгаруу (сброс) курулмаларынын саны; Суу агызуу (дренаж) жакшыртылган канал участокторунун узундугу, км; Кийлигишүүгө чейин жана кийин катталган суу ашып кетүү (перелив) учурларынын саны.	Курулмалар жай-гашкан чекит-терди, курулуш этаптарын геобай-ланыштыруу жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
2.4	Сугат системасына кирбеген аймак-тарда суу топтоочу резервуарларды куруу жана өзгөчө кырдаал болгон учурда сууну шашылыш түрдө агызып жиберүү планын иштеп чыгуу.	Нарын райондук суу чарба башкармалыгы, (УОС), мэрия	2028	Резервуарлар жайгашкан жер-лерди геобай-ланыштыруу, суу келүүчү булактар жана жыштыгы, курулуш этаптарын фотофиксациялоо жана маалымат-тарды ГИСке кир-гизүү.		Топтолгон / пайдаланылган суунун көлөмү ($м^3$).	Ай сайын (резервуарларды эксплуатациялоо).
2.5	Сугат суусунун сапатын анализ-дөө үчүн лабора-ториялар менен кызматташтыкты уюштуруу.	Экология башкармалыгы.	2026-2027	Суунун пробасын алуу чекиттери (сугат булактары, каналдар, суу сактагычтар).		Пробалардын саны; ГИС-базага кирги-зилген пробалар-дын үлүшү (%).	Сууну лабораториялык көзөмөлдөө айына 1–2 жолу.
2.6	Адистештирилген техниканы (спец-техника) (мини-экскаторлорду) сатып алуу.	Мэрия, «Жашыл-дандыруу» МИ	2027	жок	Жергиликтүү бюджет / инвесторлор	Жаңы спец техни-ка «Жашылдан-дыруу» МИ балан-сына	
2.7	Ар түрдүү өлчөмдө-гү сугат лотокторун өндүрүү (куюу) боюнча цех түзүү.	Мэрия, жергиликтүү	2027	жок	Теңир-Тоо өнүктүрүү фонду	Жергиликтүү өндүрүлгөн лотоктордун үлүшү (%).	Сапат стандарттарына жооп берген жергиликтүү өндүрүш.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
3.	**ЖОЛДОРДУ, ДАРЫЯ ЖЭЭКТЕРИН ЖАНА КАНАЛДАРДЫ ТАБИГЫЙ ЖОЛ МЕНЕН БЕКЕМДӨӨ** **Учурдагы абал:** Каналдарды эксплуатациялоодо бир катар көйгөйлөр бар: суунун жоготуусу, ылай басуу, жөнгө салуучу курулмалардын жоктугу жана өз алдынча ээлеп алынган объекттердин болушу (18 кмге жакын узундукта болжол менен 200 объект). Коргоочу жашылдандыруу биринчи кезекте коомдук коопсуздуктун элементи катары каралат, анын ичинде суу объекттерине балдардын жана жаныбарлардын түшүп кетүү сыяктуу кырсыктарды алдын алуу, ошондой эле инфраструктураны жана айлана-чөйрөнү коргоо максатын камтыйт.						
3.1	Кургакчылыкка жана ысыкка чыдамдуу түрлөрдөн коргоочу жашылдандыруу үчүн өсүмдүктөрдүн тизмесин түзүү.	«Жашылданды-руу» МИ	2026			Өсүмдүктөрдүн тизмесин колдонгон жашылдандыруу долбоорлорунун үлүшү (%).	
3.2	Транспорттук жана жөө жүрүүчү зоналарды бөлүү жана коопсуздукту жогорулатуу максатында жашыл тосмолорду (жандуу тосмолорду) түзүү.	«Жашылданды-руу» МИ	2026-2027	Жандуу тосмолор жайгаштырылган участоктор (жол жээгиндеги жана жөө жүрүүчү зоналар).		Жандуу тосмо отургузуу боюнча жергиликтүү эрежелер; Пилоттук жандуу тосмолордун узундугу, м/км; Отургузулган өсүмдүктөрдүн саны; Тамыр алып кетүү (*приживаемость*) көрсөткүчү; 1 погондук метрди күтүү чыгымы.	ГИСти жаңыртуу (жылына 1 жолу).

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
3.3	Сел өткөрүүчү жана селден коргоочу каналдарды этап-этабы менен реконструкциялоо.	КР Президентинин Нарын облусун-дагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты, Мэрия, ӨКМ	2027-2028	Реконструкциялоо үчүн артыкчылыктуу участоктору бар каналдар жана сел коркунучу жогору зоналар.		Км реконструкциясы	Каналдардын аба-лын талаа изил-дөөлөрү аркылуу текшерүү, көйгөй-лүү участокторду геобайланыштыруу, фотофиксация жүргүзүү жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.
3.4	Суунун жоготуу-сун азайтуу үчүн канал-арыктардын түбүн жана капталдарын бетон же таш (табигый жол) менен бекемдөө.	Архитектура, мэрия	2028-2029	Реконструкциялоо үчүн потенциалдуу участоктор.		Бетондоо узундугу, км.	Каналдардын абалын талаа изилдөөлөрү, бетондолгон участокторду геобайланыштыруу жана маалы-маттарды ГИСке киргизүү.
3.5	Сууну рационалдуу пайдалануу үчүн, анын ичинде сугат муктаждыктары үчүн, жөнгө салуучу шлюздарды орно-туу.	«Жашылданды-руу» МИ	2027-2028	Гидротехникалык курулмаларды орнотуу үчүн потенциалдуу участоктор.		Шлюздардын саны; Үзгүлтүксүз сугаруу менен камтылган жашыл аймактардын үлүшү (%).	Орнотулган шлюздарды гео-байланыштыруу, фотофиксациялоо жана маалымат-тарды ГИСке киргизүү.
3.6	Жашылдандыруу боюнча демонстра-циялык аянтчалар-ды (пилоттук) түзүү.	Мэрия, «Жашыл-дандыруу» МИ	2026	Демонстрациялык аянтчалардын участоктору.		Аянтчалардагы өсүмдүктөрдүн тамыр алып кетүү деңгээли (%).	Киргизилген жашылдандыруу стандарттарынын саны.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
4.	**КӨЧӨТКАНАЛАР** **Учурдагы кырдаал:** Негизги көчөлөр реконструкциялангандан кийин Нарын шаарына отургузуу үчүн чоң көлөмдөгү көчөт материалдары талап кылынат. Көчөт материалдары Нарын облусунун бийик тоолуу жана суук климаттык шарттарына (4-климаттык зона) ылайыктуу болушу керек. Учурда жергиликтүү токой чарбалары жана питомниктер шаарды керектүү ассортимент жана көлөм менен толук камсыздай албайт. Ошондой эле шаар үчүн ылайыктуу жергиликтүү породалардын керектүү ассортиментине узак мөөнөттүү мамлекеттик алдын ала буйрутма (заказ) жок.						
4.1	Шаардык мейкиндиктердин ар түрдүү түрлөрү үчүн жергиликтүү флорага артыкчылык берүү менен өсүмдүктөрдүн каталогдорун түзүү.	Жашылдандыруу МИ, НМУ	2026	Сунушталган ассортимент көрсөтүлгөн участоктор.		Каталогдун эки түрү: 1) Жол боюн жашылдандыруу 2) Парктар, скверлер, бульварлар.	
4.2	Өсүмдүктөрдүн ассортиментин алдын ала буюртма берүү үчүн узак мөөнөттүү үч тараптуу келишимдерди түзүү (муниципалитет – питомниктер – жеткирүүчүлөр/агро өнөктөштөр).	Мэрия, «Жашылдандыруу» МИ, Токой чарбалар, коруктар, питомниктер	2026	жок		Келишимдерде бекитилген өсүмдүктөрдүн ассортименти (түрлөрдүн саны).	Жашылдандыруудагы сезондук үзгүлтүктөрдүн азайышы (%).
4.3	Шаардык жана республикалык каржылоо булактарын, кошо каржылоо программаларын жана бюджеттен тышкаркы булактарды аныктоо.	Мэрия	2026	жок		Каржылоо булактарынын реестринин болушу.	Бюджеттен тышкаркы каражаттардын пайыздык үлүшүн квартал сайын талдоо.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
4.4	Шаардын көчөт материалдарына болгон муктаждыгын эсептөө жана шаардык питомниктерди уюштуруу.	«Жашылданды-руу» МИ	2026	Жашылдандыруу-нун артыкчылык-туу участоктору (көчөлөр, парктар, скверлер) жана эсептелген отур-гузуу көлөмдөрү; Питомниктерди жайгаштыруу участоктору.		Жергиликтүү питомниктер үчүн алдын ала буюртма; Жылдар боюнча көчөттөргө болгон эсептик муктаж-дык, даана; Шаардык мейкиндиктердин ар түрдүү түрлөрү үчүн сунушталган өсүмдүк түрлөрүнүн саны.	Артыкчылыктуу аймактарда ысыктык эффекттин азайышы.
4.5	Жергиликтүү адистер үчүн дендропландарды түзүү, маалыматтарды чогултуу жана талдоо ыкмалары боюнча ГИС колдонуу менен окутууларды өткөрүү.	Мэрия	2026	жок		Тренингдердин катышуучулары тарабынан иштелип чыккан дендропландар-дын жана геобазанын саны.	Билим деңгээлинин орточо өсүшү (%).


Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
5.	**ЖЭЭКТИ ЖАНА ЭҢИШТЕРДИ ТАБИГЫЙ ЖОЛ МЕНЕН БЕКЕМДӨӨ ЧАРАЛАРЫ** **Учурдагы абал:** Нарын шаары жана анын тургундары бир катар олуттуу көйгөйлөргө туш болууда. Аларга Нарын дарыясынын жана каналдардын жээктеринин эрозиясы, Чоң Нарын каналына жакын жайгашкан турак жайлардын деформацияга учурашы жана суу каптоо коркунучу, суу коргоо аймактарынын тарылышы, ошондой эле изилдөө базасынын жоктугу кирет.						
5.1	Жээктерди жана эңиштерди бекемдөө иш-чараларын пландаштыруу үчүн изилдөө жана аналитикалык базаны түзүү (коркунуч карталары, артыкчылыктуу участоктор, типтик чечимдер).	ӨКМ, БАУ, НМУ	2026-2027	Жээктерди жана эңиштерди бекемдөө иш-чаралары үчүн тобокелдик аймактары (эрозия, суу каптоо, сел процесстери) жана артыкчылыктуу участоктор.		Коркунуч карталары иштелип чыккан; артыкчылыктуу участоктор аныкталган; типтүү чечимдер даярдалган. Коркунучтарды талдоо менен камтылган аймактын үлүшү (%).	Коркунуч деңгээли бааланган аймактардын үлүшү (%). Коркунучтарды баалоонун аналитикалык тереңдиги жана инвестициялык чечимдерде реалдуу колдонулушу.
5.3	Каржылоо үчүн долбоордук сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды кызыкдар тараптар менен макулдашуу.	Мэрия	2026-2029	Долбоорлорду ишке ашыруу үчүн артыкчылыктуу участоктор (жээктерди жана эңиштерди бекемдөө, жашылдандыруу).		Негизги кызыкдар тараптар менен макулдашылган долбоордук сунуштардын үлүшү (%).	Жыл сайын тартылган жалпы каржылоо көлөмү (сом).
5.4	Жээктерди жана эңиштерди бекемдөө чаралары үчүн ылайыктуу бадалдарды жана өсүмдүктөрдү тандоо.	ӨКМ, «Жашылдандыруу» МИ, Токой чарбасы	2026-2028	Жээктерди жана эңиштерди бекемдөө участоктору, сунушталган бадалдар жана өсүмдүк түрлөрү менен.		Бадалдардын жергиликтүү шарттарга ылайыктуулугу, тамыр алуу деңгээли жана иш жүзүндөгү эрозияга каршы таасири.	Отургузуудан кийин өсүмдүктөрдүн жашап кетүү деңгээли (%).

	Иш-чаранын сүрөттөлүшү	Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
5.5	Жээктерди бекемдөө процессине коомчулукту жана жергиликтүү тургундарды тартуу.	Мэрия	2026-2029	Тургундарды жана өз күчү менен (ӨКМ) катышуусу талап кылынган участоктор.		Калктын катышуусу менен иштер аткарылган участоктордун саны (даана).	Тургундардын салымы (%)
5.6	Мэрия жана башка кызматтар менен биргеликте Чоң Нарын каналынын жээк зонасында суу агызуучу/ирригациялык лотокторду орнотуу.	Суу чарба башкармалыгы, Мэрия, «Жашылдандыруу» МИ, Архитектура, ӨКМ	2027-2029	Лотоктор орнотулгандан кийин участокторду геобайлоо, аткарылган иштерди фотофиксациялоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.		Чоң Нарын каналынын жээк зонасынын лотоктор менен камтылган үлүшү (%).	Сууну агызуунун натыйжалуулугу (%).
5.7	Талаптарга жана нормаларга ылайык суу коргоо зоналарын кеңейтүү.	ӨКМ, Мэрия	2026-2027	Дарыялар жана каналдар боюнда чектери кеңейтилген суу коргоо зоналары.		Кеңейтилген суу коргоо зоналарынын аянты (га) Суу объектилери боюнча зоналардын узундугу (км)	Иштеп жаткан чектерди талдоо, жаңы суу коргоо зоналарын аныктоо, чек араларды геобайлоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.
6.	**ӨСҮМДҮКТӨРДҮ КОРГОО ЖАНА АНТРОПОГЕНДИК БАСЫМДЫКТЫ АЗАЙТУУ** **Учурдагы абал**: Өсүмдүктөрдүн жакшы өсүп-өнүгүшүн жана тамыр алып кетишин чектеген негизги факторлор – бак-даректарды кыйуу жана мал чарбачылыгынын таасири. Бул маселелер жашылдандыруу процессине коргоо чараларын системалуу түрдө киргизүүнү жана комплекстүү жөнгө салууну талап кылат.						
6.1	Бак-даректарды кыюуга, бутоого жана алмаштырууга уруксат берүү тартибин иштеп чыгуу жана киргизүү, ар бир учурду милдеттүү түрдө геобайлоо менен.	Мэрия, Экология башкармалыгы, Нарын шаардык муниципалдык менчикти башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча МИ, Архитектура, «Жашылдандыруу» МИ	2028-2029	Даректардын статусу, кыюуга уруксат берилген зоналар жана катталган бузуулар көрсөтүлгөн жашыл насаждениялар.	Жергиликтүү бюджет	Геобайлоо менен берилген уруксаттардын саны; мыйзамсыз кыюулар аныкталган учурлардын саны; компенсациялык отургузуулардын саны.	Берилген уруксаттарды эсепке алуу, кыюу жана бузуулар учурларын геобайлоо, фотофиксациялоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
6.2	ГИСтин негизинде бак-даректардын санарип реестрин түзүү.	Мэрия, Жашыл-дандыруу МИ, Нарын шаардык муниципалдык менчикти башка-руу жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча МИ	2026	Атрибутивдик маалыматтары (түрү, абалы, кыюу фактылары, жогорку тобокелдик зоналары) көрсөтүлгөн жашыл насаждениялар.		Жашыл насажде-ниялардын стан-дартташтырылган классификациясы-нын болушу.	Мониторинг жашыл насаждениялар боюнча маалыматтарды чогултуу жана жаңыртуу, объекттерди геобайлоо, абалын каттоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү аркылуу жүргүзүлөт.
6.3	Мал жаюуга тыюу салынган, чектелген жана уруксат бе-рилген аймактарды так бөлүштүрүүнү караган мейкиндик-тик зоналоо систе-масын киргизүү.	«Жашылданды-руу» МИ	2027	Жер пайдалануу режимдери боюнча (тыюу салынган, чектелген, мал жаюуга уруксат берилген) аймактарга бөлүнгөн зоналар.		Зоналоо схемасы иштелип чыккан (ооба/жок) Категориялар боюнча зоналардын аянты (га)	Зоналоо схемаларын иштеп чыгуу, зоналардын чектерин аныктоо, аймактарды геобайлоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.
6.4	Негизги жашыл зоналардын жана жаш көчөттөрдүн айланасына тосмолорду орнотуу.	Мэрия, «Жашыл-дандыруу» МИ	2027-2028	Коргоочу тосмолор орнотулган аймактар		Орнотулган тосмолордун саны.	Тосмолор орнотулган участокторду геобайлоо, аткарылган иштерди фотофиксациялоо жана маалыматтарды ГИСке киргизүү.

Иш-чаранын сүрөттөлүшү		Жооптуулар жана катышуучулар	Ишке ашыруу мөөнөтү	Санариптеш-тирүү (ГИС)	Каржылоо булагы / ресурстар	Индикаторлор	Мониторинг
6.5	Жергиликтүү калк менен белгиленген эрежелерди сактоо боюнча өз ара аракеттенүү жана шаардык жашыл инфраструктурага болгон басымды азайтуу.	Мэрия, «Жашыл-дандыруу» МИ,	2026-2030	Жашыл инфраструктураны пайдалануу эрежелери белгиленген жана жүктөмү жогору зоналар бар аймактар.		Жашыл зоналардагы бузуулардын азайышы (%).	Ишке ашырылган иш-чараларды эсепке алуу – квартал сайын.
6.6	Шаардын айлана-чөйрөсү жана экология маселелерин чечүү үчүн мэриянын алдында экологиялык кеңеш түзүү.	Мэрия	2026			Экологиялык кеңештин бекитилген жобосу / иштөө регламенти.	Квартал сайын.
6.7	«Жашылдандыруу» муниципалдык ишканасынын кызматкерлери үчүн бак-даректарды зыянкечтерден жана оорулардан коргоо боюнча окууларды уюштуруу	Мэрия, Зеленхоз, долбоорлор	2027	Начар абалдагы даректардын ГИС маалыматтарын иштеп чыгуу		Окутулган кызматкерлердин саны.	


Тиркеме 3. Фрагмент карты зелёных насаждений города Нарын



Тиркеме 4. Карта города Нарын



Тиркеме 5. Генеральный план города Нарын на период до 2040 года



«Жашыл Нарын» программасы Нарын шаардык мэриясы, Нарын шаардык Кеңеши жана Нарын шаарынын туруктуулугун жогорулатуу программасы тарабынан түзүлдү.

Программа Швейцариянын Экономикалык маселелер боюнча катчылыгы (SECO), Ага Хан өнүктүрүү уюмунун агенттиктери жана Нарын шаардык мэриясы тарабынан ишке ашырылууда.